**Мудараба боюнча көп берилүүчү суроолор**

**1. Мудараба деген эмне?**
**Жооп:**
Мудараба — бул өнөктөштүк келишими. Анын негизинде сиз (инвестор) өз каражаттарыңызды банкка (Мударибге) Шариатка ылайык уруксат берилген долбоорлорго инвестициялоо үчүн бересиз. Банк бул каражаттарды башкарат жана пайда алдын ала макулдашылган үлүш боюнча бөлүштүрүлөт.

**2. Мудараба кадимки депозиттен эмнеси менен айырмаланат?**
**Жооп:**
• Киреше алдын ала бекитилбейт, ал инвестициянын реалдуу натыйжасына жараша болот.
• Инвестор (клиент) мүмкүн болгон жоготуулардын бир бөлүгүнө жооп берет, ал эми банк каражаттарды туура башкарууга жооптуу.

**3. Депозиттин калдыгын жана кирешени кайдан көрүүгө болот?**
**Жооп:**
Abank мобилдик тиркемеси аркылуу депозиттин калдыгын жана топтолгон кирешени көрө аласыз.

**4. Пайда кантип бөлүштүрүлөт?**
**Жооп:**
• Пайда бөлүштүрүүнүн үлүшү банк жана кардардын ортосунда алдын ала макулдашылат (мисалы, 70/30, 80/20).
• Пайда инвестиция натыйжаларына жараша эсептелинет жана ал гарантияланбайт.

**5. Пайда кантип төлөнөт?**
**Жооп:**
• Ай сайын кардардын кард эсебине түшүрүлөт.

**7. Мудараба депозитин толуктап турууга болобу?**
**Жооп:**
• Ооба, эгерде сиз кошумча толуктоого мүмкүнчүлүгү бар Мудараба түрүн тандасаңыз.

**8. Мудараба келишимин түзүүдө эмнелерге көңүл буруу керек?**
**Жооп:**
• Пайданы бөлүштүрүүнүн шарттары
• Келишимдин мөөнөтү жана аны токтотуу шарттары
• Пайда эсептөө жана төлөө тартиби
• Рисктер жана жоопкерчилик
• Шариатка шайкештик
• Шарттардын ачыктыгы жана түшүндүрмөлүүлүгү

**9. Суроолор же түшүнбөстүктөр жаралса эмне кылуу керек?**
**Жооп:**
• Келишимдин толук үлгүсүн жана бардык шарттары боюнча түшүндүрмө сураңыз.
• Каражат кайсы долбоорлорго инвестицияланарын тактап алыңыз.
• Зарыл болсо, ислам каржылоосу боюнча адиске кайрылып кеңеш алыңыз.

**10. Депозитти мөөнөтүнөн мурда жабууга болобу жана пайда эмне болот?**
**Жооп:**
Ооба, жабууга болот. Бирок пайда инвестициянын иштелген мөөнөтүнө жараша пропорционалдуу кайра эсептелиши мүмкүн же төлөнбөй калышы ыктымал.

**11. Шариаттык кеңештин курамы кимдерден турат?**
**Жооп:**
1. Шергазиев Жоробай Эсанович — “Айыл Банк” ААКнун “Ислам терезесинин” Шариаттык кеңешинин төрагасы, КМДБнын фатва жана диний адабияттар бөлүмүнүн башчысы.
2. Жээнбеков Нематулла Пусурманкулович — “Айыл Банк” ААКнун “Ислам терезесинин” Шариаттык кеңешинин мүчөсү, Жалал-Абад облусунун мусулмандар казысы.
3. Акматжан Жумадыл — “Айыл Банк” ААКнун “Ислам терезесинин” Шариаттык кеңешинин мүчөсү, Ибн Халдун атындагы Ислам институтунун директору (Арчалы айылы).